КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

“НУР” ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ

СУНУШТАЛДЫ

“Нур” ЖАКтын ББСКб инспектору:
_________________ Н.Д.Джоробаева
“______” ___________ 2018-жыл.

БЕКИТИЛДИ

“Нур” ЖАКтын директорунун о.и.б.о.б:
_______________ А.Ж.Уранмов
“01” 09 2018-жыл.

**“НУР” ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИНИН ПРЕДМЕТТИК-ЦИКЛДИК КОМИССИЯЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

**ЖАЛАЛ-АБАД 2018**

**1. Жалпы жоболор**
1.1. Аталган жобо КРнын "Били берүү жөнүндөгү" мыйзамынын жана КРнын орто кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгу жобосунун негизинде түзүлдү.
1.2.Предметтик-циклдик комиссия (ПЦК) – "Нур" ЖАКтын бир багыттуу предметтеринин окутуучуларынан турган бирикмеси, окуу жайдын негизги уюштуруучу-билим берүүчү структуралык бөлүмү болуп эсептелинип, анын курамы жогорку жана атайын орто билимдүү, колледжде негизги жана профилдик дисциплиналардан сабак берген окутуучулардан түзүлөт.
1.3. ПЦКлардын саны, персоналдык курамы жана түзүмү бир жылдык мөөнөткө окуу жайдын директору тарабынан бекитилет.
1.4.ПЦКны башкаруу анын төрагасы (төрайымы) аркылуу жүргүзүлөт, төрагасы (төрайымы) бир жылдык мөөнөткө ПЦКнын курамына кирген окутуучулардан, ачык добуш берүү ыкмасы аркылуу шайланат.
1.5. ПЦКнын структурасы, анын отурумдарды өткөрүү мезгилдери, ПЦКнын төрагасынын (төрайымынын) жана мүчөлөрүнүн милдеттери аталган жобо аркылуу аныкталат.

**2.Уюштуруу маселелери**
2.1. ПЦКлар орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын окуу дисциплиналарын методикалык жактан камсыздоо жана орто кесиптик деңгээлде студенттерди даярдоого болгон минималдуу мамлекеттик талаптарды аткаруу максатында, ошондой эле жаңы окутуучуларга жардам көрсөтүү үчүн уюштурулат.
2.2. ПЦКнын курамына кирген ар бир окутуучу өз педагогикалык демилгесин көтөрүп чыгып, өз алдынча педагогикалык жактан негизделген сабактарды өткөрүүнүн формалары, студенттерди тарбиялоо менен окутуунун методдору жана каражаттары, окутуунун эксперименталдык методдору жөнүндө айтууга укуктуу. ПЦКнын мүчөлөрү ПЦкнын отурумдарына катышууга, анын ишине активдүү катышып өз демилгесин алып чыгуу, окутуу процессин жакшыртуу жана заманбап эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка туруштук берүү боюнча сунуштарын киргизүүгө, ошондой эле ПЦКнын төрагасы (төрайымы) тарабынан берилген тапшырмаларды аткарууга милдеттүү.
2.3. ПЦКлардын отурумдары милдеттүү түрдө окуу жылынын башында окуу процесси баштала элек мезгилде бир жолу, ар бир семестрдин башында жана аягында өткөрүлүүсү зарыл. Отурумдарга сырттан келген катышуучулардын катышуусунун зарылдыгы болсо, алардын катышуусу отурумдун протоколдорунда катталат.
2.4. ПЦК төрагасынын (төрайымынын) укуктары жана милдеттери.
*Укуктары:*
- колледждин администрациясына ПЦКнын мүчөлөрүнө сөгүш берүү же сыйлыкка көрсөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- сынактык билеттерди жана мамлекеттик сынактык билеттерди, тапшырмаларды, текшерүү иштеринин варианттарын талкуулоо жана колдонууга сунуштоо;
- ПЦКнын мүчөлөрүнүн ж.б. окутуучулардын өткөн сабактарына катышуу жана анализ берүү.

*Милдеттери:*
- ПЦКнын иштерин пландаштыруу, уюштуруу жана жетектөө;
- ПЦКнын мүчөлөрүнүн иштерин изилдеп, алардын тажрыйбасын жалпыландырып жайылтуу;
- ПЦКда кабыл алынган чечимдердин ишке ашырылышын көзөмөлдөө боюнча системалуу түрдө текшерүүлөрдү жүргүзүү;
- ПЦКнын иши жөнүндө отчет жүргүзүү.

2.5. Ар бир ПЦК билим берүү уюмунун иштеринин номенклатурасы боюнча окуу жылына пландаштырылган төмөнкү иш кагаздарын чогултуусу жана жүргүзүүсү зарыл:
- иш план;
- ПЦКнын ишмердүүлүгүнө дал келген бардык окуу-усулдук документтердин нускаларын;

- ПЦкнын ишмердүүлүктөрүн тастыктаган отурумдардын протоколдорун, чечимдерин, отчетторун ж.б. камтыган документтерин.

**3.ПЦКлардын ишмердүүлүктөрүнүн негизги багыттары**

3.1. Орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын окуу дисциплиналарын окуу-усулдук материалдар менен камсыздоо; окуу пландарын жана алардагы окуу дисциплиналарынын жана дисциплиналардын темаларынын актуалдуулугун кароо; дисциплиналардын жумушчу программаларын, окутуучулардын жекече иш пландарын кароо; курстук иштердин жана дипломдук иштердин тематикаларын талдоо; дисциплиналар үчүн окуу материалынын мазмунун жана студенттин өз алдынча ишинин мазмунун кароо ж.б.

3.2.Аралык текшерүүнү өткөрүүнү уюштуруу (сынактык билеттердин материалдарынын мазмунун, текшерүү иштеринин, зачеттук суроолордун, тесттердин түзүлүшүн кароо аркылуу).

3.3.Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактарды өткөрүүнү камсыздоо (жыйынтоочу сынактардын программаларын рецензиялоо, квалификациялык иштерге болгон талаптарды, бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик сынактардагы билимин текшерүү боюнча критерийлерди иштеп чыгуу).

3.4.Жумушка жаңы кабыл алынган окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүү, окутуучуларды аттестациялоо боюнча сунуштарды киргизүү.

3.5. Жаңы педагогикалык технологияларды изилдөө, жалпыландыруу жана окуу процессине киргизүү.

3.6. Студенттердин илимий жана чыгармачылык иштерин көзөмөлдөө иштери.

3.7. Окуу дисциплиналардын кабинеттерине болгон биридиктүү талаптарды иштеп чыгуу, окутуучулардын иш пландарын жана сабактарын өткөрүү пландарын кароо жана талкуулоо.